DOI:10.26104/NNTIK.2022.16.71.057

*Саматова А.А., Атажанова С.К., Камарова Г.Ж.*

# 1-4-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ӨСҮП ӨРЧҮҮСҮНӨ КООМЧУЛУКТУН ТААСИРИ

*Саматова А.А., Атажанова С.К., Камарова Г.Ж.*

# ВЛИЯНИЕ ОБЩЕСТВА НА РАЗВИТИЕ УЧЕНИКОВ 1-4 КЛАССОВ

*A. Samatova, S. Atazhanova, G. Kamarova*

# THE INFLUENCE OF SOCIETY ON THE DEVELOPMENT OF PUPILS IN GRADES 1-4

*УДК: 502/504*

*Илимий макалада 1-4-класстагы балдардын өсүп өрчүүсүнө коомдун таасирин тийгизүүсүн, натыйжада баланын башкаларга туура мамилеси, балдардын билим алуусуна өзүн-өзү сыйлоосуна жана жүрүм-турумуна оң таасирин берери, балдар тараптан берилген белги ата-энелердин жооп берүүсү, балага коомдун оң таасири баланын өсүп өнүгүүсүнө жакшы жагдайды жаратканы, жыйынтыгында турмушта сынбай тарбиялануусу жөнүндө жазылган. Ошондой эле социалдык чөйрөнүн таасири астында балдардын физиологиялык, психикалык, моралдык жактан өсүп өнүгүүсү, бул өнүгүү процессинин негизинде баланын инсандык касиетинин калыптануусу боюнча баяндалган. Социалдык чөйрөнүн таасири жагымдуу жана жагымсыз болушу, жагымдуу социалдык чөйрөнүн негизинде чыгармачыл, активдүү, өзүнө болгон ишеними бар, лидерлик касиети бар балдар калыптануусу, ал эми жагымсыз социалдык чөйрөдөн кандай балдар калыптануусу, мында өзүнө ишенбеген, жалтак, өз оюн жеткире албаган, көпчүлүк мезгилде терс жолго түшүп кеткен балдар калыптанры баяндалган.*

***Негизги сөздөр:** тарбия, чөйрө, физиология, пихология, жагымдуу, жагымсыз, коом, социалдык, инсан, өсүү, өрчүү.*

*В научной статье говорится о влиянии общества на развитие детей 1-4 классов, в результате чего правильное отношение ребенка к другим, положительное влияние на самоуважение и поведение детей на образование, реакция родителей на сигналы со стороны детей, положительное влияние общества на ребенка создает благоприятную ситуацию для его роста и, в конечном итоге, для его воспитания. Также описано физиологическое, психическое, моральное развитие детей под влиянием социальной среды, формирование личности ребенка на основе этого процесса развития. Влияние социальной среды должно быть благоприятным и неблагоприятным, на основе благоприятной социальной среды формируются творческие, активные, уверенные в себе дети, обладающие лидерскими качествами, а какие дети формируются из неблагоприятной социальной среды, в которой дети не уверены в себе, неуверенны, неспособны выразить свое мнение, часто идут по негативному пути.*

***Ключевые слова:** воспитание, среда, физиология, психология, положительное, отрицательное, общество, социальное, личность, рост, развитие.*

*The scientific article examines the influence of society on the development of children in grades 1-4, as a result of the influence of the correct attitude towards the child around, a positive emotion is formed in the child for education, good self-esteem and behavior. It is also described that under the influence of the social environment, the physiological, mental and moral development of children is formed, as well as the formation of the quality of the child's personality as a result of this process. The influence of the social environment can be positive and negative: Children who grow up in a positive social environment develop the following qualities: creative, active, self-confident, leadership, and who grow up in an unfavorable social environment the following qualities: more often insecure, lazy, unable to express themselves, more often negatively and others.*

***Key words:** upbringing, environment, physiology, psychology, positive, negative, society, social, personality, growth, development.*

Тарбия – инсандын биологиялык, социологиялык, биосоциалдык факторлордун таасиринен калыптанган баалуулуктарды, ченемдик сапаттарды жана жүрүм-турум үлгүлөрүн көрсөтүүнүн атайын уюштурулган процесси болуп саналат. Биологиялык, социологиялык, биосоциалдык факторлор балдардын инсандык компетенттүүлүгүнүн калыптануусунда чоң таасирин тийгизет. Балдардын толук кандуу өсүп өрчүшүнө коомдун таасири кандай деген суроого көпчүлүк ата-энелер дагы эле толук жооп бере алышпайт.

Балдардын дүйнө таануусунда мугалимдерден мурда ата-энелердин ролу абдан чоң. Анткени ата-эне социалдык чөйрөнүн негизги бөлүгү. Балдарга таасир этүүчү социалдык факторлор кайсылар: мында коомдо калыптанып жаткан коомдук мамилелердин жыйындысы, балдардын жашоо образы, биз колдонгон каада-салттар, коомдо үстөмдүк кылган идеялар, балдардын достору, ата-энесиинин катышкан дос туугандары, ошондой эле кыргыз элинин баалуулуктары. Баланы тарбиялоодо А.И. Захаров окуу процессинин параметрлерин баса белгилеп кеткен. Ал аларга, биринчи кезекте, балдарга карата ата-энелердин эмоционалдык байланышынын интенсивдүүлүгүнүн параметри жана анын төрт варианты деп көрсөткөн: гипер коргоо, камкорчулук, кабылалуу, четке кагуу. Балдарды башкаруу параметри уруксат берүүчү, кырдаалдык жана чектөөчү компоненттерди камтыйт. Ошондой эле параметрлердин негизгиси болуп ата-энелердин ырааттуу жана ыраатсыз тарбия берүүсү, туруктуу, туруксуздугу, бири бирине болгон ыраattуулугу же карама каршылыгы, ошондой эле тынчызданыусу саналат [3].

Социалдык чөйрөнүн таасири астында балдардын физиологиялык, психикалык, моралдык жактан өсүп өнүгөт. Бул өнүгүү процессинин негизинде баланын инсандык касиети калыптанат. Социалдык чөйрөнүн таасири жагымдуу жана жагымсыз болушу мүмкүн. Жагымдуу социалдык чөйрөнүн негизинде

чыгармачыл, активдүү, өзүнө болгон ишеними бар, лидерлик касиети бар балдар калыптанат. Ал эми жагымсыз социалдык чөйрөдөн кандай балдар калыптанат. Мында өзүнө ишенбеген, жалтак, өз оюн жеткире албаган, көпчүлүк мезгилде терс жолго түшүп кеткен балдар калыптанат.

Балдардын тарбиясы боюнча бизге чейинки доорлордо да көпчүлүктүн көңүлүн буруп келген. Атап айтканда Плато, Аристотел, Тацит, Кант, Гегель, Петроний өз эмгектеринде берип кетишкен. Эмне үчүн көптөгөн инсандарыбызды бул тармак тынчсыздандырып жатат.

Ата-энелер силер өзүңөрдүн кубанычыңар үчүн гана уулуңарды же кызыңарды тарбиялап жаткан жоксуңар. Силердин үйүңөрдө болочок атуул, активист же болочок спортчу тарбиялап жатасынар. Эгерде тарбиялап жатып ката кетирсеңер анын кесепети бир эле силерге эмес, коомго, бүтүндөй өлкөгө терс таасирин тийгизет.

Балдардын инсандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга эң күчтүү таасир этүүчү фактор бул ата-эне, коом, билим берүү мекемеси балуп саналат. Осүп келе жаткан балага тарбиялануучу чөйрөнү түзүү ата-эненин негизги милдети. Чөйрөнү түзүү баланын инсандык компетенттүүлүгүнүн калыптануусуна оң таасирин тийгизет. Бала ошол чөйрөдө өсүп жетилген сафын анын аң сезиминде жүрүм-турумун жөнгө салуучу жана анын ар кандай кырдаалдарга реакциясын аныктаган белгилүү бир эрежелер же формулалар топтому иштеп чыгат. Бала тарбиялоо процессиинин объектиси катары айлана чөйрөсүндөгү болуп жаткан мамлелердин өзүнө керектүү болгон тажрыйбаны, маалыматтарды өздөштүрүп алат. Баланын өсүп өрчүүсү, тарбиялануусу үчүн үй-бүлө негизги орунда турат. Үй-бүлө – бала менен адамдардын ортосундагы мамиленин биринчи мектеби. Үй-бүлөдө баланын жакшылык менен жамандык, адептүүлүк, материалдык жана руханий баалуулуктарды урматтоо жөнүндөгү түшүнүктөрү калыптанат. Үй-бүлөдөгү жакын адамдары тагыраак айтканда ата-энеге, бир туугандарына болгон сүйүү, достук, милдет, жоопкерчилик, адилеттүүлүк сезимдерин башынан өткөрөт [1]. Үй-бүлөдө баланын сезими, ой пикири, кулк мүнөзү, аң сезиминин алгачкы түптөлүүсү жана калыптануусу жүрөт. Анткени дал ушул жерде бала жарык дүйнөгө келет, физиологиялык, руханий өсүп өрчүүсү, курчап турган дүйнөнү таануу, жөнүндө биринчи билимди алат. Натыйжасында бардык иш аракетеринин түрлөрү боюнча биринчи көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандырат ошондой эле баштапкы баалоо критерийлери калыптанат (жакшылык, жамандык, чындык, көз бойомочулук, сулуулук). Баланын көпчүлүк бөлүгү ушул жерде өтүү менен анын дүйнөгө болгон көз карашынын пайдубалы коюлат же башкача айтканда окуу процессине жол ачылат.

Баланын өсүп-өрчүшүнө, тарбиялануусуна үй-бүлөнүн таасири жана интенсивдүүлүгү анын физиологиялык, психологиялык курагына жараша өзгөрт. Мектепке чейинки балалык куракта үй-бүлө баланын дээрлик бардык муктаждыктарын канааттандырат. Муктаждыктары качылар: материалдык, руханий, когнитивдик. Үй-бүлө бала үчүн социалдык-тарыхый тажрыйбаны берүүдөгү негизги булак. Ата-энесинин бирине биринин болгон мамилесин кароо, аңдоо менен ал адамдар ортосундагы эмоционалдык мамилелерди өзүнө ала алат. Ошондуктан ата-энелердин үйүндө жүргөн күнүмдүк турмуштагы иш аракеттери бала үчүн тарбиянын жана коомдоштуруунун эң маанилүү институту болот. Ошондуктан Кыргыз элинде «Бала тарбиялоодон мурда өзүндү тарбияла» - деп бекеринен айтылбаса керек.Өсүп жаткан организмдин физиологиялык өсүп өрчүүсү менен инсандык компетенттүүлүгүн туура калыптандыруу азыркы замандын талабы болуп калды. Себеби бул эки талап куштун эки канатындай эле баланын өсүп өсүп өрчүүсүнө керек болууда. Баланын физиологияалык өсүп өрчүүсүндөгү олуттуу бузуулар, оорунун болуу ыктымалдыгы ошончолук жогору. Физиологиялык өсүп өрчүү көптөгөн факторлорго көз каранды: тукум куучулук, климат, тамактануу адаттары, деңгээл үй-бүлөнүн материалдык жактан камсыз болушунан ошондой эле гигиеналык режимдин туура сакталышынан болот [2].

Балдардын башталгыч мектеп курагында ата-эне же үй-бүлө материалдык, коммуникативдик жана эмоционалдык керектөөлөрдү канааттандыра алышат да, ал эми интелектуалдык чөйрөнү өстүрүүдө канааттандыра албай калат.

Өспүрүм жана жаштык мезгилде балдардын организминде өткөөл процесс башталат да, балада мен деген түшүнүк калыптануу менен, ата-энелер менен балдардын ортосунда түшүнбөөчүлүктөр келип чыгуу менен үй-бүлөнүн таасири басаңдап баштайт. Ошол мезгилде балада жүрүп жаткан өткөөл мезгилди билүү менен ата-энелер балдарга туура мамиле кылуу менен жетилип келе жаткан бала үчүн анын өзүн өзү таануусун, инсандык, социалдык жактан өзүн өзү аныктоосун өнүктүрүүдө чоң жардам берүү зарыл. Бул учурда бала менен жакындан мамиле кылуу, достошуу, анын оюн уга билүү, айткан идеясын кубаттоо, эгер идеясында катачылык кетирсе аны кубаттоо менен, катачылык жактарын эскертип өтүү, мындай жол кармаганда туура болоору, жыйынтыктары жөнүндө берүү абзел. Бала үчүн үй-бүлөнүн таасири кеңири диапазонду ээлейт, анткени ал адамдын бүткүл өмүрүндө уланат.

Үй-бүлөнүн таасири баланын жашоосунун алгачкы мезгилиндеги эң керектүү болгон чөйрө болуп саналат. Ал эми калган калган факторлор, достору, мектеп, маалымат каражаттары, коомдук уюмдар, жана башкалар кийинки орунда. Үй-бүлөдө баланы жакшы түшүнгөн, ал кандай болсо ошондой кабыл алган инсандардын болушу, баланын турмушундагы

эң чоң ийгтлтгт болот. Үй-бүлөдөн бала адеп-ахлактык атмосфераны калыптандырат. Ата-энесинин сүйүүсүнө, мээримине тоюп чоңойгон балдардын пихофизиологиясында эч кандай терс көрүнүштөр болбойт. башкаларга мээрим менен карайт, колунан келсе жардам берет, көмөктөшөт [6]. Себеби бала үй-бүлөдөн камкордукту, боорукерликти, сабырдуулукту, кең пейилдүүлүктү, кечиримдүүлүктү кабыл алат. Бала тарбияланып жаткан үй бүлөдөгү жагымсыз маанай, шарт, материалдык жетишсиздик, конфликтик кырдаалдар, психолгиялык кыйынчылыктар, баланын жашоосундагы кризистик кырдаалга алып келет [5]. Ата-эне мээримин албаган балдар орой, теңтуштар арасында урушчаак, тынчы жок, эки жүздүүлүк менен жашаган кээде жабык болуп өсүп калышат.

Үй бүлөнүн бала үчүн негизги коомдук милдетикайсы өлкө болбосун ошол өлкөнүн татыктуу өкүлү, патриоту, болочок үй-бүлөнүн башчысы, кеменгери, мыйзамды сыйлаган мүчөсүн тарбиялоо болуп саналат. Бала өз үйүндө гана эч жерде калыптанбаган сапаттарды калыптандырат. Азыркы мезгилде никеге болгон жеңил көз караш, каада-салт, адеп-ахлакты унутуу, ата-энелердин өзүн-өзү тарбиялоонун жоктугу, жоопкерчиликтин жоктугу, ажырашуулардын көп болусуу балдардын тарбиясына терс таасирн тийгизүүдө. Ошонун натыйжасында үй-бүлө өзүнүн негизги функциясы болгон балдарды тарбиялоону азыраак ишке ашырып жатат. Ата-эненин негизиги эле баланы туура тарбиялоодогу милдети болуп-үй-бүлөгө болгон урмат сый болуп саналат. Ар бир баланын сүйлөп жаткан сөзүнө, кыймылына анализ берүү, жыйынтык чыгаруу. Бирок ушул жерден суроо туулат: Ата-эненин баланы тарбиялоодо жетээрлик билими барбы, баланын кыймылына анализ жасай алабы? Ата-энелик милдетке физиологиялык-психологиялык жактан даярбы? Кээ бир ата-энелер үчүн баланы тарбиялоого жетишүү мотивациясы деп аталган нерсе түрткү берет. Тарбиялоонун максаты – ата-энелер керектүү шарттардын жоктугунан же өзүлөрү жетиштүү деңгээлде туруктуу жана туруктуу болбогондуктан ийгиликке жетпөө. Атасы дарыгер болууну каалаган, бирок ага жетишкен жок, баласына атасынын кыялын орундатсын. Энеси пианинодо ойноону кыялданган, бирок буга эч кандай шарт жок болчу, эми бала музыканы интенсивдүү үйрөнүшү керек. Мындай ата-эненин жүрүм-туруму, аң-сезимсиз түрдө, ата-энелердин өзүлөрү үчүн эгоизмдин элементтерине ээ болушун эсепке алышбайт да, «Биз баланы өзүбүздүн сүрөтүбүздө калыптандыргыбыз келет, анткени ал биздин жашообуздун улантуучусу... « деген көз караш менен балдарга өзүнүн калыптанбай, ишке ашбай калган кыялдарын таңуулап келишет [4].

Ата-энелер балдары менен канчалык көп аңгемелешүү, оюн ойноо, оюну угуу менен канчалык убактысын көбүрөөк өткөрсө балада ошончолук өзүнө болгон ишеними артат, өзүнү керектүү адам катары кабыл алат. Эгерде тарбия жагынан жетишкен үй-бүлөдө «Жаза» ыкмасы эч качан колдонулбайт, анын ордуна түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Балага жасалган туура эмес иштин оң жана терс жагын көрсөтүү менен, балага тандоо эркиндиги коюлат. Балага туура кадам коюуга дол ачып берет. Ата-эненин мүнөздөрү, жүруш турушу, тарбиясы ар бир баланын жашоосунда чоң роль ойнойт. Ар бир баланын ата-энесине болгон сүйүүсү чексиз, сөзсүз, чексиз. Анын үстүнө, эгер жашоонун биринчи жылдарында ата-энеге болгон сүйүү өз жашоосун жана коопсуздугун камсыз кылса, анда алар чоңойгон сайын ата-эненин сүйүүсү адамдын ички, эмоционалдык жана психологиялык дүйнөсүн сактоо жана сактоо функциясын барган сайын көбүрөөк аткарышат [7].

Демек жыйынтыктап айтканда ата-эненин мамилесинин баалуулугу баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн ички жана тышкы шарттарына байланыштуу шартталган. Ата-эненин баалуу багыты системасындагы ички шарт интеллектуалды көнүгүүнүн лидерлик позициясы менен байланышкан. Мында ата-эне бала мектепке барганга чейин бала менен туура мамиледе болуу менен анын мен деген касиетин калыптандырат. Балдардын өсүп өрчүүсүнө коомдун таасирин ар бир ата-эне, мугалимдердин билүүсү, үйрөнүүсү актуалдуу көйгөйлөрдөн болуп турат.

**Адабияттар:**

1. Бактыярова С.Ж., Саматова А.А. Балдардын инсандык компетенттүүлүгүнүн калыптануусундагы ата-энелердин ролу. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2021. № 6.
2. Бактыярова С.Ж., Саматова А.А. Балдардын физиологиялык өрчүүсү менен бирге инсандык компетенттүүлүгүнүн калыптануусу. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2021 г. №6.
3. Захаров А.И. Психотерапия неврозов у детей подростков. неврозы у детей и подростков]. - М.: Медицина, 1982. - 216 с.
4. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Жороева Р. Балдарды тарбиялоодогу ата-энелерден кетирилүүчү каталар. / Наука новые технологии и инновации Кыргызстана 2021-ж., №6.
5. Саматова А.А., Кошматова Ж.Ж., Жаныкулова Г.Р. Баланын өсүп-өнүгүүсүндөгү биогенетикалык факторлордун таасири / А.А Саматова. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Б., 2021. - №3. - С. 232-236. http://science-journal.kg/ru/journal /2/2021/3/
6. Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзаева А.К. Баланын өсүп өнүгүүсүнө ата-энелердин салымы / А.А Саматова /// Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2021. - №3. - С. 236-240. http://science-journal.kg/ru/journal/2/2021/3/
7. Саматова А.А., Чоров М.Ж. Мурзаева А.К. Балдардын өсүп өрчүүсүнө үй-бүлөлүк билимдин таасири / А.А Саматова // Наука новые технологии Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №6.– С. 118. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2020/6/